# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

**Тест тапшырмалардын жалпы саны – 32.**
**1-бөлүм. Бул бөлүм 28 тест тапшырмадан турат.**

*Тесттин бул бөлүмү **4 жооптун ичинен 1 гана туура жоопту** белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Силер тандаган жоопторду тегеректеп белгилегиле.*

**№1.** Төмөндөгү сүрөт кайсы жазууга таандык?



А) Идеографиялык жазуу
Б) Муундук жазуу
В) Пиктографиялык жазуу
Г) Тыбыштык жазуу

**№2.** Ачуусу келүү, жек көрүп ызырынуу, кекенүү кайсы фразеологизмдин маанисине туура келет?
А) тиш жаруу
Б) тишин кайроо
В) тиш салуу
Г) тишинин кирин соруу

**№3.** Синоним эмес сөздөрдүн жубун көрсөткүлө.
А) жакшы – дурус Б) адилеттүү – калыс В) жамгыр – сел Г) ыраңы – жамалы

**№4.** Диалогдор, смс каттардын стилин аныктагыла.
А) сүйлөшүү Б) илимий В) көркөм Г) публицистика

**№5.** Текстте берилген негизги ойго ылайык кайсы ат туура келет?
Бир жолу бай адам кедей адамга таштанды толгон себет берет. Байкуш ага жылмайып, себет менен кетип калат. Ал себетти таштандыдан тазалап, кооз гүлдөргө толтуруп байга кайтарып берет. Бай таң калып: "Мен сага таштанды берсем, эмне үчүн мага кооз гүлдөргө толгон бул себет бердиң?» - дейт. Кедей: "Ар бир адам жүрөгүндөгү нерсени башкага берет.» - дептир.
А) “Жүрөк” Б) “Байлык” В) “Кедейдин жашоосу” Г) “Гүлдөрдүн сулуулугу”

**№6.** Кыймыл-аракеттин мезгилин билдирген сөз айкашы менен толуктагыла.
Кулагыңыз менен мурдуңуз ____ өсөт.
А) жүз жолу Б) өмүр бою В) ордунда Г) жай

**№7.** Себеп-натыйжаны билдирген татаал сүйлөмдү белгилегиле.
А) Катуу жер титирөө болду – эч ким жабыркаган жок.
Б) Жылмайганда адамдын 17 булчуңу иштейт, муну көпчүлүгү билбейт.
В) Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт.
Г) Бир убакытта ойнойт, тыным алып турат.

**№8.** Обочолонгон түшүндүрмө мүчө катышкан сүйлөмдү белгилегиле.
А) Таш-Рабат кербен сарайы Бишкек-Торугарт жолунун түштүк жагында жайгашкан.
Б) Таш-Рабат кербен сарайы райондун борборунан 90 чакырым алыстыкта тоо арасындагы капчыгайда жайгашкан.
В) Таш-Рабат кербен сарайы, Бишкек-Торугарт жолунун түштүк жагындагы капчыгайда жайгашкан.
Г) Таш-Рабат кербен сарайы райондун борборунан 90 чакырым алыстыкта, Бишкек-Торугарт жолунун түштүк жагында, тоо арасындагы капчыгайда жайгашкан.

**№9.** -чыл мүчөсү аркылуу уюшулган “баамчыл жигит” сөз айкашында сын атооч кандай маанини билдирет?
А) жөндөм Б) жашташ В) биргелешкен Г) адат

**№10.** Боштукту сөз айкашынын ыкташуу байланышына карата толуктагыла. **... шербет**
А) үйдөгү Б) коюу В) жаңгактан Г) кымызга

**№11.** Логикалык жактан ашыкча сүйлөмдөрдү белгилегиле.
1. Көптөгөн үй кожойкелери тамак алдында бардык буюмдарды жуушат.
2. Микробдорду жууш керек деп эсептешет.
3. Аны ченеми менен жеп, түрүн туура тандоо керек.
4. Көптөгөн эксперттер чийки этти бышыруудан мурун жууп салууну катуу сунушташат, мунун илимий негизделген жүйөлөрү бар.
5. Бул жерде эттин түрлөрү, ченеми менен керектелсе, организмге пайдалуу болот.

А) 1, 2 Б) 2, 5 В) 3, 5 Г) 4, 5

**№12.** Сүйлөмдөгү "жашаң" сөзүнүн маанисин аныктагыла.
Арыктагы суунун шарапаты менен жашаң кайрадан жандана түшүптүр.

А) шибер чөп Б) эски чөп В) жумшак чөп Г) жапыз чөп

**№13.** Туура жазылган сөздөрдүн катарын белгилегиле.

А) накта бакалар, нан-заводу Б) таш жүрөк, таш-кордо
В) кырчаңгы сөз, кыял-мүнөз Г) бак дөөлөт, бал-китеп

**№14.** Тыныш белгиси туура коюлган сүйлөмдү белгилегиле.

А) «Жалган сөз сени жарытпайт, - деп эл оозунда айтылат - чындык сөз сени карытпайт."
Б) «Жалган сөз сени жарытпайт - деп эл оозунда айтылат - чындык сөз сени карытпайт."
В) «Жалган сөз сени жарытпайт - деп эл оозунда айтылат, - чындык сөз сени карытпайт."
Г) «Жалган сөз сени жарытпайт, - деп эл оозунда айтылат, - чындык сөз сени карытпайт."

**№15.** Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы Теңирберди карыяны кайсы саптар мүнөздөйт?

А) Өз жери, укугу, элдин боштондугу үчүн ат үстүндө жүргөн адам.
Б) Барга топук, жокко сабыр кылып жашай билген даанышман адам.
В) Күлүк минип дуулдаган, күндө сыйда куунаган адам.
Г) Жеңилбеш үчүн башты байлап берген, башын сайган адам.

**№16.** Чыңгыз Айтматов «Кылым карытар бир күн» романында Эне-Бейитти колдонгон максатын белгиле.

А) уламыштарды гана туура баяндоо Б) жаныбарлардын образдарын ачып берүү
В) элдин өткөн тарыхын эскертүү Г) жаңы технологияларды баяндоо

**№17.** Т.Сыдыкбеков «Көк асаба» романындагы Адылтай ажонун башкы максатын белгилегиле.

А) кыргыздын жаш балдарын саякатка чыгаруу
Б) кыргыз урууларднын чабышын жүргүзүп туруу
В) кыргыз урууларын бириктирүү, жеңилбес күчкө айландыруу
Г) элдин турмуш-тиричилигин, каада-салтын таамай сүрөттөө

**№18.** Кеңеш Жусуповдун "Ыр сабындагы өмүр" эссесинде негизги кандай тема камтылган?

А) акынга арналган ыр эскерүүлөрү Б) акын жана анын тагдыры
В) акындын ырларынын жыйнактары Г) акындын библиографиялык көрсөткүчтөрү

**№19.** Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романынын жанрын белгилегиле.

А) тарыхый Б) социалдык В) психологиялык Г) философиялык

**Жарыгыңды чача бил**

1) Бир адам соода кылуу максатында шаардын четине дүкөн ачат. 2) Ал адам соодага бүт дитин коюп, эч качан эч кимди алдабайт. 3) Саткан тиричилик буюмдары да өтө кымбат эмес эле. 4) Бул кылганы бат эле шаардын экинчи учуна, андан кийин бат эле башка шаарларга жетет. 5) Акырындап туруктуу кардарлары көбөйүп, башка шаарларга да дүкөн ачып, иштете баштайт. 6) Жылдар өтүп, ар кайсы шаарда орун алган дүкөндөр тармагынын ээси болот. 7) Ошентип, бул

дүкөндөр тармагын башкарууну кайсы баласына берүү керектигин ойлонот. 8) Акыры балдарын чакырып: “Балдарым, эми силердин бирөөңөр ушул дүкөндөр тармагын башкарып калууңар керек. 9) Бирок силер ага татыктуу экениңерди көрсөтүшүңөр керек. 10) Силер жүз сомдон акча алып, ага ушул үйдүн эң чоң бөлмөсүнө толтура турган нерсе сатып алышыңар керек. 11) Кечинде кимиңер тапшырманы так аткарып келсеңер, ошонуңар башкаруу укугуна ээ болосуңар,”-дейт. 12) Балдары бул чечимге макул болушат да, эртеси жөнөп кетишет. 13) Кечинде атасынын алдына келишет. 14) Биринчи уулу шаардын сыртындагы досунун чарбасына барып, эки боо саман сатып алганын айтат да, аны алып келип, бөлмөгө чача баштайт. 15) Эки боо саман түгөнөт, бирок бөлмөгө толук жетпей калат. 16) Экинчи уулу жууркан жасаган балага барып, эки жаздык сатып алганын айтат да, аны ачып, ичиндеги тооктун жүнүн чача баштайт. 17) Бөлмөнүн ичи сапырылып, аппак болуп калат, бирок толук жетпей калат. 18) “А сен эмне сатып алдың?” - дейт атасы, үчүнчү уулуна суроо салып. 19) Ал: “Алгач бир эски дүкөнгө бардым, акчамды майдалаттым да, 50 сомун жетимдер үйүнө бердим, 20 сомун садака бердим. 21) 10 сомун өтө зарыл деп сурап келген досума карыз бердим. 22) Калган 20 сомго болгону эки нерсе сатып алдым: 1 куту ширеңке жана шам” - дейт да, ал экөөнү алып чыгып, шамды жагат. 23) Ошол замат саманга, тооктун жүнү толбогон чоң бөлмө башынан аягына чейин жарык боло түшөт. 24) Ошондо атасы баласына кайрылып: “Азамат, уулум, сен мен айтканды толук түшүнүпсүң. 25) Жашоодо акчаны аны менен бирге башка нерселерди максаттуу жана пайдалуу колдоно билүү керек. 26) Бул дүкөндөр тармагын башкарууну сен колуңа аласың. 27) Сен жашоого жарык чачканды үйрөнүпсүң, бул эң сонун!”- дейт.

**№20.** Төмөндөгү билдирүүлөрдүн кайсынысы туура эмес?
А) 1-6- сүйлөмдөрүндө баяндоо келтирилген.
Б) 7-11 -сүйлөмдөрүндө ой жүгүртүү камтылган.
В) 14-17- сүйлөмдөрүндө сүрөттөө берилген.
Г) 18-22- сүйлөмдөр сүрөттөөнү камтыйт.

**№21.** Айтылган ойго карама-каршылыгын билдирген сүйлөмдүн катарын белгилегиле.
А) 12-сүйлөм Б) 13-сүйлөм В) 14-сүйлөм Г) 15-сүйлөм

**№22.** Мааниси так, кесе айтылган сүйлөмдү белгилегиле.
А) 1-сүйлөм Б) 2-сүйлөм В) 3-сүйлөм Г) 4-сүйлөм

**№23.** Ички мамилени билдирген сүйлөмдүн катарын белгилегиле.
А) 4-сүйлөм. Бул кылганы бат эле шаардын экинчи учуна, андан кийин бат эле башка шаарларга жетти.
Б) 5-сүйлөм. Акырындап туруктуу кардарлары көбөйүп, башка шаарларга да дүкөн ачып, иштете баштайт.
В) 6-сүйлөм. Жылдар өтүп, ар кайсы шаарда орун алган дүкөндөр тармагынын ээси болот.
Г) 7-сүйлөм . Ошентип, бул дүкөндөр тармагын башкарууну кайсы баласына берүү керектигин ойлонот.

**№24.** 8-11-сүйлөмдө атасы балдарына тапшырманы кандай максатта берген?
А) дүкөндөрүн бөлүштүрүп берүү
Б) балдарынын досторун сыноо
В) балдарынын жөндөмүн аныктоо
Г) элдин пикирин билүү

**№25.** «Кардар» сөзүнүн маанисин белгилегиле.
А) Сатылуучу буюмдарды, товарларды керектөөчү, алууга муктаждыгы бар адам.
Б) Сатылуучу буюмдарга карата өзүнүн көңүлүн, ойлорун билдирген адам.
В) Белгисиз болгон каттардын маанисин сөздүктөрдүн жардамы аркылуу чечмелеген адам.
Г) Адам аң-сезимине таасир эткен түшүнүктөрдүн бардыгын аныктап- тактаган адам.

**№26.** 11-сүйлөмгө карата 12- сүйлөм эмнени камтып турат?
А) сунуштоону Б) жыйынтыктоону В) чечмелөөнү Г) төгүндөөнү

**№27.** Автордун текстте бергиси келген негизги оюн белгилегиле.
А) акчаны гана туура пайдалануу
Б) ар бир ишти туура алып кетүү зарылдыгы
В) соода тармагын шаарларда жайылтуу
Г) балдарга байлыкты мураска калтыруу

**№28.** Берилген текст кайсы стилге таандык?

А) илимий Б) расмий В) публицистикалык Г) көркөм

**2-бөлүм. Бул бөлүм 2 тест тапшырмадан турат.**

*Тесттин бул бөлүмү **дал келүүлөрдү белгилей турган** тапшырмалардан турат. Сол жакта берилген ар бир элементке оң жактагы элементтердин ичинен дал келгенин туташтыргыла. Бир тамганын тушуна бир гана сан жазылат.*

**2.1.** Жогорудагы берилген тексттеги сүйлөмдөрдү аларда колдонулган каражаттар менен маанилерин туташтыргыла.

| | **Сүйлөмдөр** | | **Колдонулган каражаттар** |
|---|---|---|---|
| А | Ошондо атасы баласына кайрылып: "Азамат, уулум, сен мен айтканды толук түшүнүпсүң." (24-сүйлөм) | 1. | Кайрылуу сөзү - анын жардамы менен негизги ойдун өнүгүшүндөгү чоң мааниге ээ сөздөр баса белгиленген. |
| Б | Жашоодо акчаны аны менен бирге башка нерселерди максаттуу жана пайдалуу колдоно билүү керек. (25-сүйлөм) | 2. | Метонимия - анын жардамы менен негизги ойдун өнүгүшүндө чоң мааниге ээ ички адамдар тууралуу сөз кылат. |
| В | Бул дүкөндөр тармагын башкарууну сен колуңа аласың. (26-сүйлөм) | 3. | Чечкиндүү сөз - каармандын көздөгөн максатын көрсөткөн. |
| Г | "Сен жашоого жарык чачканды үйрөнүпсүң, бул эң сонун!" - дейт. (27-сүйлөм) | 4. | Метафора - анын жардамы менен негизги ой аныкталган. |
| | | | Риторикалык суроо - өз түшүнүгүн көрсөтүү үчүн колдонулган. |

Жообу:

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**2.2.** Ч.Айтматовдун чыгармаларынын эпизоддоруна тиешелүү уламыштар менен дал келтиргиле.

| **№** | **Чыгармаларынын аталышы** | | **Уламыштар** |
|---|---|---|---|
| А | «Ак кеме» | 1 | «Кыз кайып» |
| Б | «Кылым карытар бир күн» | 2 | «Жетинин бири» |
| В | «Тоолор кулаганда» | 3 | «Эне-Бейит» |
| Г | «Кыямат» | 4 | «Бугу эне» |
| | | 5 | «Акбара» |

Жообу:

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**3-бөлүм. Бул бөлүм 2 тест тапшырмадан турат.**

*Тесттин бул бөлүмү **ирети менен туура жайгаштыра турган** тапшырмалардан турат. Жообун **"Жообу:"** деген мамычага сандарды орун тартиби туура болгондой кылып жайгаштыргыла (бир чакмакка бир гана сан жазылат).*

**3.1.** Берилген сүйлөмдөрдү маанилери боюнча иретке келтиргиле.

1. Аарылардын бал жыйнаганы да кызык. Болгону жарым килограмм нектарды чогултуу үчүн 900 аары күнү бою тынбай учушат.
2.Ушундай жол менен алар уюгун ар кандай инфекциядан сактай алышат.
3. Уюктун тазалыгын камсыз кылган аарылар керексиз калдыктарды сыртка чыгарып, уюкту желдетип турушат. А бирок, кээде уюктан калдыктар же өлгөн курт-кумурскалар чыгып калса, прополис менен калдыктарды толугу менен чаптап салышат.

4. Канчалык көп болбосун, бир уюкта жашаган курт-кумурскалардын ар биринин өз милдети, иши бар. Мисалы, аарынын уюгун алып көрсөк, ар бир аарынын өзүнүн иши бар; бири гүлдөрдөн бал жыйнайт, экинчиси уюкту кайтарат, үчүнчүсү уюкту тазалайт.

Жообу

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**3.2.** Сүйлөмдүн үзүндүлөрүн мааниси боюнча иретке келтиргиле.
1. жөндөмүн белгилүү убакытка чейин
2. жаркыраган жарыкта адам көрүү
3. тааныш сезимдерден болот
4. жоготкон учурлар көп адамдарга

Жообу

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**4-БӨЛҮМ. БУЛ БӨЛҮМДӨ ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАР ЖОК.**

**ТЕСТТИН АЯГЫ!**

**БАРДЫК ЖООПТОРДУ ЖООП БАРАГЫНА КӨЧҮРҮҮНҮ УНУТПАГЫЛА!**